## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2017-жылдын июнь айы)*

Июнь айында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги биринчилик рынокто казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча үч аукцион өткөргөн. Караоого алынган мезгил ичинде МКОго суроо-талап жарыяланган көлөмдөн 5,1 пайызга арткан, ушул себептен 60,0 млн сом суммасына казына облигацияларын кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн.

Алсак, аукциондордо МКО эмиссиясынын жарыяланган көлөмү ай ичинде 2,2 эсеге жогорулап, 1,4 млрд сомду түзгөн. Суроо-талап сунуштан жогору катталган, бирок ал 1,5 млрд сомду түзүү менен өткөн айга салыштырганда 18,4 пайызга төмөн түптөлгөн. Мында, рынок катышуучулары тарабынан, тиешелүүлүгүнө жараша 260,0 млн сом жана 1,2 млрд сом суммасына 2 жана 5 жылдык МКО сатылып алынган.

Отчеттук мезгил аралыгында МКО боюнча жалпы орточо айлык кирешелүүлүк көрсөткүчү 0,2 пайыздык пунктка жогорулап, 14,2 пайызды түзгөн.

2017-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү МКО көлөмү жыл башынан 27,7 пайызга өсүп, 17,5 млрд сом чегинде калыптанган. Мында, МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 59,1 пайызга (-3,9 п.п.) чейин төмөндөшү белгиленген, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче, 40,2 пайызга чейин (+3,8 п.п.) жогорулаган жана юридикалык жак-резиденттердин салыштырма салмагы 0,7 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Айдын акырына МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси 0,31 чегинде түптөлгөн, бул жогору концентрациялануу деңгээлин көрсөтүү менен рынокто үч негизги инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Караоого алынган мезгил ичинде МКО менен операциялар экинчилик рынокто ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.07.2016 | 10 558 061,3 | 4 590 605,3 | 43,5 | 5 926 440,0 | 56,1 | 40 966,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.08.2016 | 11 003 061,3 | 4 558 692,2 | 41,4 | 6 404 353,1 | 58,2 | 39 966,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.10.2016 | 11 563 561,3 | 4 422 089,3 | 38,2 | 7 095 809,0 | 61,4 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |